**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн А.С. Джаманбаев атындагы Жаратылыш байлыктары институтунун (КР УИА ТБ) Окумуштуулар кеңешинин кезектеги отурумунун**

**№ 7 ПРОТОКОЛУ**

Ош шаары 2023-жылдын 5-октябры

**Төрага:** КРнын УИАнын мүчө-корр., т.и.д., проф. Абидов А.О. – директордун м.а.
**Катчы:** Абдуллаева М.П. - ЖБИнин окумуштуу катчысы.
**Катышты: :** т.и.д., профессор Абдуллаева М.Д. – "ЭТЭБ" лаб-н башчысы;
х.и.к., доцент Джапарова Ш. – "КБОЭКП" лаб-н башчысы;
т.и.к., доцент Калдыбаев Н.А. – «ЖТТС» лаб-н башчысы;
Сабиров Б.З. – "ОБККИЧ" лаб-н башчысы;
Токтоназаров С.Т. – «Технолог» ИӨБ башчысы;
т.и.к., доцент Садыков Э. – "КТМ" лаб-н у.и.к.;
т.и.к. Абдалиев У.К. – "КТМ" лаб-н у.и.к.;
т.и.к. Шайдуллаев Р.Б. – "КГ" лаб-н башчысы;
т.и.к., доцент Саткулов Т.Т. – "ЭТЭБ" лаб-н у.и.к.

**Баары: 11** кызматкер

**КҮН ТАРТИБИНДЕ:**

**1.** 2023-жылдын 9 айына карата ЖБИнин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн илимий-уюштуруу иштеринин пландарынын аткарылышы жөнүндө (баяндамачы: ЖБИнин окумуштуу катчысы Абдуллаева М.П.).
**2.** "Инновациялык долбоорлорду даярдоонун методологиялык негиздери, инновациялык менеджмент" деген темада семинар уюштуруу жөнүндө (Баяндамачы: «ЖТТС» лабораториясынын башчысы, т.и.к. Калдыбаев Н.А.).
**3.** 10-ноябрь Эл аралык илим күнүнүн урматына ЖБИнин эң алдыңкы кызматкерлерин сыйлоо боюнча.
**4.** Ар түрдүү маселелер.

*Институттун иш планына ылайык:*
1. Изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын жарыялоо: монографияларды басып чыгаруу, патенттерди каттоо (Индекстелген журналдарга басым жасоо).
2. Илимий-изилдөөлөрдүн натыйжаларын жалпыга ММК аркылуу жайылтуу.

Отурумду Окумуштуулар кеңешинин төрагасы КР УИА мүчө-корр. т.и.д., проф. А.О. Абидов алып барды. Күн тартиби тааныштырылып, колго салынды. Бир добуштан колдоого алынды.

Биринчи маселе боюнча, төрага Абидов А.О. сөздү институттун окумуштуу катчысы М.П. Абдуллаевага берди.

**УГУЛДУ: М.П. Абдуллаева:** - 2023-жылдын 9 айы үчүн А.С.Джаманбаев атындагы Жаратылыш байлыктары институтунун ишмердүүлүгүнүн негизги жыйынтыктары боюнча маалыматтык отчету менен кыскача тааныштырып өтсөм.